КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫН жана КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫН ОКУТУУ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

## 2022/2023-окуу жылы үчүн





© ***Элебесова Айгүл Бейшенакуновна,***
педагогика илимдеринин кандидаты, социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери.
+996 (777) 605 408; aigulbeishenakun@gmail.com

## Тарых секциясынын темасы:

# ТАРЫХ — ЗАМАН ЖАРЧЫСЫ ЖАНА ЖАШОО УСТАТЫ









# 1. Тарыхты окутуунун актуалдуулугу, максаттары жана милдеттери тастыкталган ченемдик-укуктук документтер:

- Тарых жалпы билим берүү уюмдарынын 5–9-класстары үчүн предметтик стандарт. – Б., 2018 (КБбАнын сайтында).

- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 10–11-класстары үчүн «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» боюнча предметтик стандарты. – Б., 2018 (КБбАнын сайтында).
- Кыргызстан тарыхы: жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн (мектеп, гимназия, лицей) программалар. 7–11-класстар. – Б., 2018.
- Дүйнө тарыхы: жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн (мектеп, гимназия, лицей) программалар. 7–11-класстар. – Б., 2018.










# 2. Тарыхты окутуунун максаттарына жана милдеттерине ылайык өткөрүлө турган семинар-тренингдердин темалары:

1. «Тарыхый билим берүү проблемалары боюнча ченемдик-укуктук документтерди өздөштүрүү жана аларга талдоо жүргүзүү».
2. «Тарых сабагын окутууда STREAM-технологиянын маанилүүлүгү».
3. «Модулдук окутуу технологиялары».
4. «Долбоордук технология».



Ишмердүүлүктүн бул түрү — долбоордук технология — башкаларга салыштырмалуу көп кырдуу келет.




STEM
STEAM
STREAM









# 3. Тарыхты окутуунун максаттарын, милдеттерин жана өзгөчөлүктөрүн тастыктай турган тегерек отурумдун темалары:

- «5–9-класстарда тарых сабагын окутуунун максаты жана милдеттери»;
- «10–11-класстарда тарых сабагын окутуунун өзгөчөлүктөрү».

# 4. Иш тажрыйбаларын алмашуу багытында:

- Дүйнө жана Кыргызстан тарыхын окутуунун концепциясынын талаптарына ылайык, 5–11-класстарда тарыхты окутуунун усулдарын жана ыкмаларын презентациялоо.













# 5. Дүйнө тарыхын жана Кыргызстан тарыхын окутуунун өзгөчөлүктөрү:

**Бүгүнкү күндө тарыхты окутуунун максаттарын жана милдеттерин салттуу методдор менен гана жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес, ошондуктан мугалимдер окутуунун бир кыйла *натыйжалуу методдорун* изденип өздөштүрүүлөрү зарыл.**

**Тарых сабагынын ийгиликтүү болушу үчүн окуу материалынын мазмунуна эле эмес, окуучулар менен иштөөнүн *формаларына, окутуу методдоруна* жана *технологияларына* да олуттуу көңүл буруу керек. Алардын бир кыйла натыйжалуулары — *STREAM-технология, модулдук окутуу технологиясы* жана *долбоордук технология.***

















# Модулдук окутуу технологиясынын маанилүү компоненттери:





***Модулдук программа — бул сабактын конспекти же мугалимдин окуу материалын пландоосу эмес, бул белгилүү бир теманы өздөштүрүү боюнча окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн программасы.***

**I. Модулдук программаны мугалим өзү даярдайт. Ал окутуунун максаттарын жана ар бир теманы ырааттуу өздөштүрүүнү сабактарга бөлүштүрүп түзүп алат.**

**Методикалык сунуштарда мугалимдин модулдук программаны түзүү боюнча иш-аракеттеринин ырааты көрсөтүлдү.**











# Модулдук окутуу технологиясынын маанилүү компоненттери:



**II. Модулдук технологиянын экинчи компоненти — *модулдук сабак.***

**Модулдук сабактын планын түзүүнүн алгоритми методикалык сунуштарда берилди.**




**Модулдук окутуунун жүрүшүндө окуу ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын максаттуу калыптандыруу жана өнүктүрүү жүзөгө ашырылат.**

**Окуу материалынын мазмуну бул маанилүү процесстин максаттарына жетүү үчүн каражат болуп саналат.**

Ой жүгүртүү тез жана интеллектуалдуу болушу үчүн китеп окуу керек







Кыргыз жараны

*Мекеним менден башталат!*
*Родина начинается с меня!*

# 6. Тарыхты окутуунун олуттуу өзгөчөлүгү —

***тарыхый-коом таануучулук илимдер боюнча жалпы билим берүүнүн «2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү концепциясынын» багыттарына жана аларды ишке ашыруунун ыкмаларына ылайык таалим-тарбиялык дараметти (потенциалы).***

**Сабактан тышкаркы иш-чараларда «2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясынын» концептуалдык негиздерин чагылдыруу тарыхый билим берүүнүн орчундуу милдети болуп саналат.**





# 7. Дүйнө тарыхын жана Кыргызстан тарыхын окутуу тартиби:

**Дүйнө тарыхын жана Кыргызстан тарыхын окутуу 2022/2023-окуу жылынын Базистик окуу планында белгиленген окуу убактысынын чегинде жүргүзүлөт.**

**Предметтик стандартка ылайык, «Дүйнө тарыхы» курсу биринчи жарым жылдыкта, «Кыргызстан тарыхы» курсу экинчи жарым жылдыкта жумасына 2 сааттан окутулат.**




| Билим берүү чөйрөсү | Предмет | Класстар боюнча базистик вариант | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Милдеттүү окулуучу окуу предмети | | | | | | | | |
| Социалдык | Тарых | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |





# 8. Сунушталган кошумча окуу-методикалык адабияттар:


1. **«Тарыхты инсанга багыттап окутуунун технологиялары»: Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо** / А. Б. Элебесова. – Бишкек: «Полиграф-бумресурсы», 2017. ISBN 978-9967-31-612-6.
2. **«Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшү: класстык сааттардын методикалык иштелмелери»: Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо** / А. Б. Элебесова. – Бишкек: «Полиграфбумресурсы», 2017. – ISBN 978-9967-31-613-3.
3. **Тарых сабагын окутууда STREAM-технологиянын маанилүүлүгү («Тарыхый картаны окуу жана түшүнүү» технологиясы)** / А. Б. Элебесова. – Бишкек:КББАнын Кабарлары. – 2022, № 3.
4. **Тарыхты окутуунун методикасы (жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн)** / К.А. Курманалиев – Б., 2018.
5. **Жалпы Республикалык тестирлөөгө жана олимпиадага даярдоо. Тарых: Методикалык колдонмо** / К.А. Курманалиев – Б., 2018.
6. **Интернет ресурстар.**








**Кыргыздардын руна сымал орхон-енисей жазмасы**
VI–XII кылымдар

**Кыргыздардын бир бөлүгү — уйгур жазмасы**
IX–XIVкылымдар

**Кыргыздардын бир бөлүгү — араб жазмасы**
IX–XX кылымдар

**Кыргыздардын латын жазмасы**
1928–1940-жылдар

**Кыргыздардын кириллица жазмасы**
1940-жылдан бери
















КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАР ҮЧҮН ЫРААЗЫЧЫЛЫГЫМДЫ БИЛДИРЕМ!








Слайддын соңу